## Жалпы жоболор.

### 1.1. Негизги кесиптик билим берүү программасы

Ишке ашырылып жаткан негизги кесиптик билим берүү программасы 060102 "Акушердик иши" адистиги боюнча орто кесиптик билим берүү мамлекеттик стандартынын негизинде жана практикалык саламаттык сактоонун талаптарын эске алуу менен медициналык колледж тарабынан иштелип чыккан жана бекитилген документтердин тутуму болуп саналат.

Негизги кесиптик билим берүү программасы максаттарды, күтүлүүчү натыйжаларды, билим берүү процессин ишке ашыруунун мазмунун, шарттарын жана технологияларын, бүтүрүүчүнү адистик боюнча даярдоонун сапатын баалоону жөнгө салат жана өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт: окуу процессинин графигин, окуу планын, дисциплиналардын жумушчу программаларын жана окугандарды даярдоонун сапатын камсыз кылуучу башка материалдарын, окуу-өндүрүштүк практиканын программаларын.

Негизги кесиптик билим берүү программасында жыл сайын окуу пландарынын жана дисциплиналардын жумушчу программаларынын түзүмү жана мазмуну, окуу-өндүрүштүк практиканын программалары, студенттерди даярдоонун сапатын камсыз кылуучу методикалык материалдары кайра каралып, толукталат.

Негизги кесиптик билим берүү программасы студенттердин жана колледж кызматкерлеринин биргелешкен билим берүү, илимий, өндүрүштүк, коомдук жана башка иш-аракеттеринин алкагында ишке ашырылат. "Акушердик иши" адистигин программасы төмөнкү принциптердин негизинде ишке ашырылат:

- бүтүрүүчүнү даярдоодо практикалык багыттуулукка басым жасоо;
- "акушердик иши" адистигинин окутуучулары тарабынан окутуунун заманбап педагогикалык технологияларын колдонуу;
- билим берүүнүн мазмунун аныктоодо практикалык саламаттык сактоонун суроо-талаптарын эске алуу;
- окуп жаткандарды кесиптик чөйрөдө дайыма өнүгүүгө жана инновациялык ишмердүүлүккө, анын ичинде квалификациясын жогорулатууну улантууга шыктандыруу.

### 1.2. 060102 "Акушердик иши" адистиги боюнча НКББПны иштеп чыгуу үчүн ченемдик документтери

Орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасын иштеп чыгуунун ченемдик укуктук базасын төмөнкүлөр түзөт:

- Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-августундагы №179 Билим берүү жөнүндө Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 30-декабрындагы №718 жогорку жана орто кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-августундагы №496 жогорку кесиптик билим берүүнүн эки деңгээлдүү түзүмүн белгилөө жөнүндө токтому (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 4-июлундагы №472, 2014-жылдын 22-июлундагы №405, 2018-жылдын 16-июлундагы №323, 2019-жылдын 30-декабрындагы №718, Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2021-жылдын 25-ноябрындагы №278, 2023-жылдын 29-майдагы №290 токтомдорунун редакцияларына ылайык);
- "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жогорку жана орто кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 30-декабрындагы №718 токтомунун аткарылышы тууралуу 2020-жылдын 24-февралындагы №202/1 буйругу;
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2019-жылдын 15-майдагы №567/1 060102 "Акушердик иши" адистиги боюнча орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты (каттоо №180 07.06.2019-ж);
- "Акушер (-ка)" кесиптик стандарты (каттоо №38, QA 86.90.0 3222 0038);
- ОшМУнун уставы;
- Колледждин окуу процессине тиешелүү жоболору жана ички документтери.